Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# СҮРӨТ ӨНӨРҮ 6

*Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 6-классы үчүн окуу китеби*

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги басмага сунуштаган*

Жаңы басылышы



Ташкент – 2022

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

УУК 75(075.3)
КБК 85.14я72
М 88

**Түзүүчүлөр:**
**Үсөн Муратов, Дилназа Мирхакимова, Камалиддин Абдуллаев**

*Рецензенттер:*

**Б. Байметов** – Ташкент облусунун Чырчык мамлекеттик педагогика институтунун сүрөт өнөрү кафедрасы п.и.к., профессор.

**М. Ахмедов** – Низамий атындагы Ташкент мамлекеттик педагогика университетинин сүрөт өнөрү кафедрасынын доценти.

**С.Мансурова –** Ташкент шаарынын Юнусабад районундагы 274-жалпы орто билим берүүчү мектептин сүрөт өнөрү предмети мугалими.

**Ш. Турсунова –** Ташкент облусунун Ташкент районундагы 15-жалпы орто билим берүүчү мектептин сүрөт өнөрү предмети мугалими.

Сүрөт өнөрү [Текст]: 6-классы үчүн окуу китеби / Х.Х.Муратов [жана башк.]. – Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. – 128 бет..

ISBN 978-9943-8173-2-6

УУК 75(075.3)
КБК 85.14я72

## Шарттуу белгилер:

– Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары

– үйгө тапшырма

*Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.*

*Оригинал макет жана дизайн концепциясы Республикалык билим берүү борбору тарабынан иштелди.*

ISBN 978-9943-8173-2-6

© Республикалык билим берүү борбору, 2022

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МАЗМУНУ


Киришүү ....................................................................................................4

**I ЧЕЙРЕК**

**1-тема.** “Жайкы таасирлерим” темасында композиция тартуу ..............................5
**2-3 тема.** Күз пейзажын тартуу ..........................................................................8
**4-5 тема.** Майда пластикада улуттук образдардын айкелин жасоо ......................14
**6-тема.** Мифологиялык темада сүрөт тартуу ....................................................18
**7-тема.** Күз темасында чыгармачыл натюрморт тартуу .....................................22
**8-тема.** **1-текшерүү иш.** Күз темасында чыгармачыл натюрмортту түстө боёо ....25
**9-тема.** Флуид арт стилинде абстракттуу композиция жаратуу...............................28

**II ЧЕЙРЕК**

**10-тема.** Кыймылдагы адамдын сүрөтүн тартуу ...................................................34
**11-тема.** Силуэт темасында сүрөт тартуу............................................................38
**12-тема.** Көркөм чыгармага иллюстрация тартуу ..................................................42
**13-тема.** **2-текшерүү иш.** Силует темасында сүрөт тартуу ....................................46
**14-тема.** Өз алдынча темада комикс тартуу .........................................................47
**15–16-тема.** Чыгыш миниатюра өнөрү.................................................................52

**III ЧЕЙРЕК**

**17-тема.** Цирк темасында композиция тартуу (өз алдынча стилде) .......................60
**18-тема.** Поп-арт стилинде жаныбарлардын сүрөтүн тартуу...................................66
**19-тема.** Абстракттуу композициялуу макет жасоо ..............................................70
**20-тема.** 3D стилинде сүрөт тартуу.....................................................................74
**21-тема.** “Zentangle” жана “Doodling” усулунда сүрөт тартуу .................................77
**22-тема.** Мозаика стилинде сүрөт тартуу ............................................................82
**23-тема.** Түрдүү материалдардан фантастикалык образдар жасоо .......................86
**24-тема.** Түрдүү материалдар жана техникалардан пайдаланып кинетикалык айкел жасоо....................................................................................................90
**25-тема.** **3-текшерүү иш.** Doodling усулунда сүрөт тартуу ...................................93
**26-тема.** Түрдүү материалдардан пайдаланып стилизация стилинде айкел жасоо....................................................................................................94

**IV ЧЕЙРЕК**

**27-тема.** Иш-чара үчүн эмблема жаратуу.............................................................100
**28-тема.** Плакат графикасы.................................................................................104
**29-тема.** Космос темасындагы абстракттуу композицияны компьютер графикасында чийүү жана боёо ...................................................................108
**30-тема.** Кыялдагы модерн автомобилинин сүрөтүн тартуу...................................114
**31–32-тема.** Пленер (ачык абада иштөө) .............................................................120
**33-тема.** **4-текшерүү иш.** “Менин ойлоп табуум” темасында элестетүүнүн негизинде сүрөт тартуу ...............................................................................124
**34-тема.** Чыгармачыл көргөзмө...........................................................................125


*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# К И Р И Ш Ү Ү

Ардактуу окуучу! “Сүрөт өнөрү” 6-класс китеби менен сен сүрөт өнөрүнүн дагы да кызыктуу жана заманбап жактарын өзүң үчүн ачасың. Заманбап сүрөт өнөрүнүн түркүн-түстүү жана сыйкырдуу ааламы сага өзүнүн сырларын ачып берет.

Китептин жардамында “Флуид-арт", “Поп-арт", 3D, “Doodling” жана “Zentangle” сыяктуу сүрөт тартуунун жаңыча усулдары, кинетикалык айкел жасоо техникасы, компьютер графикасында сүрөт тартуу темалары боюнча билим, көндүм жана тажрыйбага ээ болосуң.

Бул китеп сенин көркөм эстетикалык табитиңди калыптандырат, чыгармачыл туюмуңду өнүктүрөт, сени жаңыча идеяларды жаратууга үйрөтөт, жана өнөр-кесип ээлөөгө багыттайт.

“Сүрөт өнөрү” китебин мыкты өздөштүрүүңдө жана өз алдынча чыгармачылык жолуңда сага ийгиликтер каалайбыз!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# I ЧЕЙРЕК

## 1-ТЕМА. “ЖАЙКЫ ТААСИРЛЕРИМ” ТЕМАСЫНДА КОМПОЗИЦИЯ ТАРТУУ

Жай мезгилинде каникулга чыгып, адатта эс алуу үчүн тоо койнундагы лагерлерге, эс алуу жайларына барасың. Ал жерде жаңы достор менен таанышып, кызыктуу окуяларга чогуу күбө болосуң жана ошол кездер эсиңде бир өмүргө сакталып калат. Сабактар башталганда жайды кандай өткөргөнүңдү досторуңа толкундануу менен айтып бересиң. Досторуңдун окуяларын жыргап угасың. Жайкы каникулда эсиңде калган ошол саамдарды “Жайкы таасирлерим” темасында альбомуңа сыз. Мында сен сүрөтчүлөр тарабынан жаратылган жай жана балалык темаларындагы сүрөт чыгармаларын күзөтүшүң, үйрөнүшүң өзгөчө мааниге ээ. Сүрөтчүнүн чыгармаларынан илхам алып, элестетүүң калыптанып, сенин да укмуш сүрөттөрдү сызууңа ишенебиз.

Жай мезгилин чагылдырууда күндүн ысык жана күнөстүү болушуна, алардагы түстөрдүн жылуулугуна жана ачыктыгына маани берүү керек.





*Жайкы лагерлерден үзүндүлөр*





**Хикмат Рахманов.** *Балалык темасындагы чыгармалар. Май боёк*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ПРАКТИКАЛЫК ИШ

## “Жайкы таасирлерим” темасында композиция тартуу

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч;
- акварель;
- гуашь боёгу;
- суу;
- атайын кыл калемдер;
- палитра.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1



2



3



4



1. Жайкы таасирлериң жөнүндө айтып бер.
2. Жай мезгили кандай түстөр менен туюнтулат?
3. Жай жана балалык темаларында иштеген кайсы сүрөтчүлөрдү билесиң?

“Жайкы таасирлерим” темасында композиция тартууну аяктоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 2–3-ТЕМА. КҮЗ ПЕЙЗАЖЫН ТАРТУУ

Пейзаж (peyzaj) — сүрөт өнөрүндө табият көрүнүшүн чагылдыруучу жанр. Пейзажда шаардын көрүнүшү же архитектуралык комплекстер (архитектуралык пейзаж), деңиздин көрүнүшү (марина) жана ушул сыяктуулар сүрөттөлөт. Пейзажды түрдүү агым, багыт жана стилдерде тартуу мүмкүн. Мисалы, реализм, ипрессионизм, абстраксионизм ж.б.

Күз темасы пейзажчы сүрөтчүлөрдүн чыгармачылыгында көп кездешет. Күз мезгилиндеги түстөрдүн көптүгү сүрөтчүнү магниттей өзүнө тартат. Көптөгөн чет элдик жана жергиликтүү уста-сүрөтчүлөрүбүздүн күз темасында жараткан сүрөттөрү композициялык анализдөө, түс жана техника жагынан мыкты үйрөнүлүшү зарыл. Бул жараян биздин күз темасында тартуучу сүрөтүбүздүн жандуу жана толук чыгуусунда негиз болуп кызмат кылат.





*Өзбекстандын тоо жана шаарларындагы күз пейзажы (фото)*

Видео булагына шилтеме



Күз пейзажы негизинен жылуу (хроматикалык) түстөрдөн турат. Муздак (ахроматикалык) түстөр болсо адатта арткы пландарда, алыстыктарда көрүнөт. Алыстагы предметтердин түсүнүн ахроматикалык көрүнүшү аба катмарынын таасиринде пайда болот. Ошондуктан алыстагы предметтер чыныгы түсүнө салыштырмалуу көгүш түс алат.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Марат Садыков.** *Янгиабадда күз. Акварель*



Видео булағына шилтеме

**Руслан Халилов.** *Эрте күз. Акварель*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ПРАКТИКАЛЫК ИШ

### Күз пейзажын калемде тартуу

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


1




2



3



4



“Күз” темасында акварелде иштелген чыгармалардан нуска көчүрүү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ПРАКТИКАЛЫК ИШ

## Күз пейзажын түстө боёо

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч;
- акварель;
- гуашь боёгу;
- суу;
- атайын кыл калемдер;
- палитра.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1



2



3



4



1. Пейзаж жанры жөнүндө эмнелерди билесиң?
2. Акварелде “Күз” темасында чыгармачылык кылган сүрөтчүлөрдөн кимдерди билесиң?
3. Жай жана күз мезгилдеринин өзүнө таандык жактарын айт.

Табиятка карап “Күз” темасында сүрөт тартуу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# 4–5-ТЕМА. МАЙДА ПЛАСТИКАДА УЛУТТУК ОБРАЗДАРДЫН АЙКЕЛИН ЖАСОО

Майда пластика айкелчилик өнөрүнүн эң кеңири таралган түрү болуп саналат. Майда пластика алгачкы общиналык доордо пайда болгон. Айкелчиликтин майда пластика түрүндөгү алгачкы үлгүлөрү байыркы дүйнө адамдары жашаган жерлерден табылган. Алар негизинен кичине көлөмдөгү айкелчелер көрүнүшүндө болгон. Заманбап айкелчиликте майда пластика интерьерди кооздоо үчүн ылайыкталган чакан айкелчелер, адамдын бюсту, жаныбарлардын образы же башка предметтин кичинекей модели түрүндө болушу мүмкүн.

Майда пластикага алгачкы общиналык доорго таандык терракотадан жасалган, Кайра жаралуу дооруна тиешелүү бронзадан иштелген айкелчелер, XX кылымдын элдик кол өнөрчүлүк өнөрүнө таандык куурчактар кирет.

Майда пластика айкелчелери түрдүү материалдардан жасалат. Булардын катарына гипс, таш, бронза, керамика, фарфор, жез, полиэстер жана башка материалдарды киргизүү мүмкүн.

Тема боюнча пластилинден майда пластикага тиешелүү кичинекей айкелче жасоо үчүн кагазда анын эскизи сүрөттөп алынат. Пластилин менен иштөөнүн биринчи баскычында айкелдин жалпы кыймыл пластикасы табылат. Кийинки баскычтарда майда деталдар иштелет. Соң бардык деталдарды бириктирип жалпы композиция жаратылат.



*“Ойчул” жана “Отурган абалдагы аял”. Б.з.ч. 3-миң жылдык*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Майда пластикада улуттук образдар*



*Майда пластикада улуттук образдар*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ПРАКТИКАЛЫК ИШ

### Майда пластикада улуттук образдардын айкелин жасоо

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчтагыч;
- өчүргүч;
- пластилин;
- пластилин менен иштөө аспаптары;
- гипс же жыгач негиз.









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1




2



3



4



1. Майда пластика айкелчиликтин кандай түрү болуп эсептелет?
2. Майда пластикада кандай материалдардан пайдаланылат?
3. Майда пластика үлгүлөрүнөн кандай максаттарда пайдаланылат?

Майда пластикада улуттук образдардын айкелин жасоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 6-ТЕМА. МИФОЛОГИЯЛЫК ТЕМАДА СҮРӨТ ТАРТУУ

Мифологиялык (грекче “muthos” – аңгемелер, жомоктор, уламыштар) жанр түрдүү элдердин байыркы уламыштары, салттары же жомоктору сюжет үчүн негиз болуп кызмат кылуучу бөлүмү болуп саналат. Мифология адатта автор тарабынан ойлоп табылган болот. Түрдүү элдердин байыркы уламыштары, рабаяттары, салттары же чыгармалары сюжетине мифологиялык жандыктардын сүрөттөрү мисал боло алат. Мифологиялык жанрда оң жана терс сыйкырдуу образдар бар. Оң образга семург кушун мисал келтирүү мүмкүн.

Семург – чыгыш элдеринин поэтикалык чыгармачылыгындагы сыйкырдуу куштун образы саналат. Семург асманда жогоруга учуу, алыс жерлерди жакын кылуу, максаттарга жеткирүү сыяктуу изги амалдардын символикалык туундусу болуп эсептелет. Ал алгач Иран мифологиясында пайда болгон. Семург өзбек эл жомок жана уламыштарында оң каармандын досу, коргоочусу, шериги катары баяндалат. Түркий калктарда семургдун Хума, Анка, Дөөлөт кушу, Бакыт кушу, Марку эне, Күнтуулган, Кооз булбул жана башка аттары бар. Семургдун образы “Баатыр”, “Сыйкырдуу күзгү”, “Рустам”, “Кенже баатыр” сыяктуу жомоктордо толук чагылдырылган. Семургдун образы Алишер Наваийдин “Lison ut-tayr” чыгармасында, Хамид Алымжандын “Перизат жана Буняд” чыгармасында да учурайт. Аларда сыйкырдуу образ шарттуу каражат катары авторлорго өтмүштөгү окуялар жөнүндө ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүн берет. Өзбекфильм киностудиясы 1974-жылда “Семург” аттуу фильм тарткан. Семург Хума кушу катары Өзбекстандын мамлекеттик гербинде да сүрөттөлгөн, о.э., Ташкенттеги “Түркстан” өнөр сарайынын алдында семург кушунун символдуу монументи орнотулган.





*Надир Деван Беги мавзолейинин аркасына мозаикада иштелген семургдун сүрөтү*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*Ташкент. Түркстан өнөр сарайы*









*Семургдун сүрөттөлүштөрү*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ПРАКТИКАЛЫК ИШ

## Мифологиялык темада сүрөт тартуу

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч;
- түстүү калемдер;
- фломастерлер;
- боёктор;
- кыл калем;
- суу идиш;
- палитра.









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1



2



3



4



1. Кандай мифологиялык образдарды билесиң?
2. Сызган сүрөтүңдү чечмелеп бер.

Мифологиялык темада баштаган сүрөттү аякта.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 7-ТЕМА. КҮЗ ТЕМАСЫНДА ЧЫГАРМАЧЫЛ НАТЮРМОРТ ТАРТУУ


Натюрморт (французча “nature morte” — жансыз табият) — сүрөт өнөрүнүн жанры. Мында адамдын айланасын курчап турган турмуштук чөйрөдө жайгашкан жана композиция жагынан бүтүндүктү түзгөн нерселер сүрөттөлөт.

Негизинен, станоктуу сүрөтчүлүктө (живопись жана графика), азыраак айкелчиликте тартылат.

Өзбекстан сүрөт өнөрүндө натюрморт элементтери байыркы доор искусствосунда (Афрасияб дубал сүрөттөрүндө — вазадагы мөмөлөр), миниатюра өнөрүндө (Камалиддин Бекзаттын Шайбанийхандын портретинде сүрөттөлгөн буюмдар — сыя идиш, камчы) учурайт. Натюрморттун калыптануусу жана өнүгүүсү XX кылымдын 30-50-жылдарына туура келет. Ошол доордо сүрөтчүлөрдүн чыгармачылыгында натюрморттун алгачкы үлгүлөрү пайда болгон: Л. Насриддинов (Нандуу натюрморт), Ш. Хасанова (Кытай фарфору менен иштелген натюрморт) жана М. Курзин, В. Рождественский, В. Уфимцев, Н. Кашина, З. Ковалевская, О. Татевосян, С. Абдуллаев, В. Фадеев, Ю. Елизаров жана башкалар натюрморт жанрында чыгармалар жаратты. 60-80-жылдарда Л. Салимжанова, Й. Талдикин, Р. Чариев, В. Бурмакин, Й. Мельниковдор чыгармачылыгында натюрморт кеңири орун ээледи. Сүрөтчүлөр Р. Ахмедов, А. Икрамжанов, М. Нуриддинов жана башкалар натюрмортто натыйжалуу чыгармачылык кылып, жанрдын өнүгүүсүн камсыздашты.

## Натюрморт жанрында чыгармачылык кылган сүрөтчүлөрдүн чыгармаларынан үлгүлөр

Видео булагына шилтеме



**Мураджан Жумашев.** *Натюрморт. Акварель*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Юсуф Елизаров.** *Натюрморт. Май боёк*



**Виктор Уфимцев.** *Натюрморт. Май боёк*



**Шалола Талипова.** *Натюрморт*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ПРАКТИКАЛЫК ИШ

## Күз темасында чыгармачыл натюрмортту калемде тартуу

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч.






1. Натюрморт кандай жанр?
2. Натюрморт жанрында чыгармачылык кылган сүрөтчүлөрдөн кимдерди билесиң?

Күз темасында чыгармачыл натюрмортту калемде тартуу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 8-ТЕМА. 1-ТЕКШЕРҮҮ ИШ

## Күз темасында чыгармачыл натюрмортту түс менен тартуу



**Юлия Вернигор.** *Чыгыш натюрморту*



**Л.Кинг.** *Күзгү натюрморт*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ПРАКТИКАЛЫК ИШ

## Күз темасында чыгармачыл натюрмортту түстө боёо

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч;
- акварель;
- суу;
- атайын кыл калем;
- палитра.









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1



Видео булагына шилтеме

2



3



4



1. Күз мезгилинде дарактын түстөрү эмне үчүн сары жана кызыл түскө айланат?
2. Хроматикалык түстөр жөнүндө айт.

Күз темасында чыгармачыл натюрмортту түстө аяктоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 9-ТЕМА. ФЛУИД-АРТ СТИЛИНДЕ АБСТРАКТТУУ КОМПОЗИЦИЯ ЖАРАТУУ

Флуид-арт суюк түстөр менен тартылуучу сүрөт болуп, бул техникада иштөөнүн мазмуну анын аты менен байланыштуу. Идишке түрдүү түстөгү боёкторду куюу жана аралаштыруу аркылуу сен ой чабытын таң калтыруучу сейрек сүрөттөрдү жаратасың. Суюк акрил - абстракттуу сүрөттүн заманбап формасы болуп, боёк холст (панно) аркылуу агат жана түстүү эффекттерди жаратат.







*Флуид-арт. Фотолор*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*Интерьерде Флуид-арт. Фото*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ПРАКТИКАЛЫК ИШ

## Флуид-арт стилинде абстракттуу композиция жаратуу

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- акрил түстүү боёктор;
- ПВА желим;
- бир жолу иштетилүүчү колкаптар;
- фартук;
- ным салфеткалар;
- холст же фанер;
- тунук идиш;
- жыгач таякчалар;
- суу.




**Флуид-арт техникасында иштөө үчүн төмөнкү нерселер керек:**

Акрил боёгу. Флуид-арт үчүн түрдүү акрил боёкторунан пайдаланууу мүмкүн.



Боёкторду аралаштыруу үчүн суу.



Түрдүү түстөр даярдоо үчүн тунук пластмасса идиштер.



Боёкту аралаштыруу үчүн бизге жыгач таякчалар да керек болот. Же кичине пластик кашыктардан да пайдаланууу мүмкүн.



Чыгарманы жаратууда панно же холст керек болот. Бети тегиз жөнөкөй фанердин бөлүгү да болушу мүмкүн.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ошентип, бардык керектүү материалдарды даярдап, чийүү жараянына өтүшүң мүмкүн. Сүрөттөөдө кандай түстөрдөн пайдаланууну мурдатан ойлоп алышың керек.

Ак түстүү акрилди суу менен суюлтуп алабыз. Бирдей коюулулукка келгенге чейин таякча менен жакшылап аралаштырабыз. Ак суюк акрил боёгубузду тунук пластмасса идишке куябыз. Ар бир идишке түрдүү түстүү боёктордон кошуп ар бирин өзүнчө таякча менен аралаштырабыз. Түстөрдүн жакшы аралашуусуна маани беребиз. Боёктун суюктугу калың каймакка окшош болушу керек.

1



Эми боёк идиштерин четке сүрүп, холст (панно)тон керексиз нерселерди алып ташта жана ага түс аралашмаларын куйганга даярдан. Боёкторду холст (панно)ко куюудан мурда Флуид-арт техникасында аткарылган иштерден үлгүлөр көрүү жана илхамдануу сунушталат.

2



*Баштап негизги түстөрдү, мисалы, ак жана көк түстөрдү, кийин калган боёкторду куюшуң мүмкүн.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

3



*Холстту колго алып түстөр сүрөт тартылуучу бетти капташы үчүн аны жантайма абалда азыраак айлантабыз.*

4



*Түстөргө өзгөчө форма берүү үчүн фенден пайдаланабыз.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

5



Холст (панно)ко бардык боёкторду төгүп, бети капталгандан соң, аны кургатуу мүмкүн.

Биз чач фенди жагып, боёкко багыттайбыз, каптал жагынан аба жиберебиз. Ушундай түрдө боёкторду түрдүү багыттарга абанын жардамында бурабыз жана керектүү фигураларды пайда кылабыз.

Сүрөт керектүү фигурага келгенден соң иш жараяны бүтөт. Көркөм чыгарманы 7-14 күн таза жерде кургатуу сунушталат.

Видео булагына шилтеме

1. Флуид-арт техникасында иштөө үчүн кандай материалдар керек?
2. Абстракттуулук түшүнүгү жөнүндө эмнелерди билесиң?
3. Кыялыңда кандай фигуралар пайда болгонун түшүндүрүп бер.

Флуид-арт стилинде абстракттуу композиция жаратуу.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# II ЧЕЙРЕК

## 10-ТЕМА. КЫЙМЫЛДАГЫ АДАМДЫН СҮРӨТҮН ТАРТУУ


Адамдын кыймылын жакшы чийүү үчүн аны күзөтүү керек. Адамдын сүрөтүн тартканда дененин шайкештигин туура табуу жана негизги көңүлдү анын кыймылын көрсөтүүгө каратуу керек. Майда бөлүктөр, мурун, ооз жана кулак сыяктууларды анык тартпастан, о.э., аларды жалпы түрдө сүрөттөө жетиштүү болуп саналат. Адам динамикалык абалда өтө тез өзгөрүп тургандыктан, аны сүрөттөө татаалдык жаратаары анык. Ошондуктан да адамдын кыймылын жөнөкөй усулдар менен ийилчээк чекиттерди аныктоо жана конструктивдик сызыктардын жардамында сүрөттөө сунушталат. Адамдын кыймылын сүрөттөөнү үйрөнүү, кийинки сүрөт тартуудагы ишиңе жана анын ийгиликтүү чыгуусунда негиз болуп кызмат кылат.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ПРАКТИКАЛЫК ИШ

## Кыймылдагы адамдын сүрөтүн тартуу

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептер;
- катуу жана жумшак, түстүү графит;
- калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч.










*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


1




2



3



4



1. Адамдын тулкусун кандай геометриялык фигураларга окшотуу мүмкүн?
2. Адамдын башы денесине салыштырмалуу канчалык өлчөмдө болот?
3. Адамдын бүткүл денеси сүрөттөлгөн кандай сүрөт өнөрү чыгармаларын билесиң?

Кыймылдагы адамдын сүрөтүн каалагандай стилде аяктоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# 11-ТЕМА. СИЛУЕТ ТЕМАСЫНДА СҮРӨТ ТАРТУУ

Биз силуетти китептин беттеринде гана эмес, о.э., күндөлүк турмушта да кезиктиребиз.





*Көбүнчө силуеттерден белгилерди сүрөттөөдө пайдаланылат.*





*Табияттагы силуеттин эң жөнөкөй үлгүсү түшүүчү көлөкө.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*Көлөкө театры*

**Силуэт** фигура жана объекттердин профилинин тегиз монохромдук сүрөтү болуп саналат. Адатта ачык фондо сыяда, кочкул фондо ак түстө же кагаздан кесилген графикалык техниканын бир түрү катары да көрүнөт. Портрет өнөрүндө кеңири тараган.



*Силуэт. Фото*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ПРАКТИКАЛЫК ИШ

## Силует темасында сүрөт тартуу

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч;
- акварель же гуаш боёгу;
- атайын кыл калем;
- суу;
- палитра.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



1. Силует деген эмне?
2. Силует жөнүндө эмнелерди билесиң?
3. Кол кыймылдарынын жардамында түрдүү жаныбарлардын силуетин көрсөтүп бер.

Класста баштаган сүрөттү аяктоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# 12-ТЕМА. КӨРКӨМ ЧЫГАРМАГА ИЛЛЮСТРАЦИЯ ТАРТУУ

Иллюстрация (латинче “illustratio” – ачып берүү, көргөзмөлүү сүрөттөө) – сүрөт өнөрүнүн көркөм чыгарма (китеп, журнал, газета)нын образдуу түшүнүгү менен байланыштуу багыты. Текстке кошумча түрдө анын мазмунун образдуу ачып берүүгө, толтурууга кызмат кылат. Алгачкы кол жазма китептери пайда болгон доорлордо жаралган. Алгач кол жазмалар миниатюралар менен коздолгон, китеп басып чыгаруу жана ксилографиянын пайда болушу иллюстрацияны өнүктүргөн.

Илимий, теориялык текст (макала, китеп жана китепче)тердин мазмунун образдуу ачып берүүчү, докладдарда ойду элестетүүгө жардам берүүчү көргөзмөлүү сүрөттөр (репродукция, фотосүрөттөр, түрдүү чиймелер) да иллюстрация деп аталат.

Иллюстрациялардын таасирдүү чыгышы жана көркөм чыгарманын идеясынын автор каалагандай ачып берилиши үчүн көркөм чыгарманы бир нече жолу окуп чыгуу жана терең ой жүгүртүүнүн негизинде анын эң кульминациялык чекиттерине иллюстрациялар тартуу сунушталат. Көркөм чыгармадагы каармандардын образын чагылдырууда ага берилген мүнөздөмөлөр, чыгармада аткарылган иштер жана кыймыл-аракеттер, ички сезимдерди үйрөнүү керек. Булар анын характердүү өзгөчөлүктөрү, бет жана физикалык көрүнүшүндө өз маанисин табышы керек. Окурман көркөм чыгарманы окуп, ага тартылган иллюстрациядан өз кыялындагы образды таба алуусу керек.






**Галина Ли.** *Жомокторго тартылган иллюстрациялар*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Х.Тухтабаевдин "Сары дөөнү минип" чыгармасына тартылган иллюстрация (А. Мамажанов, Р. Зуфаров)*





**Леонид Золотарев.** *Ганс Кристиан Андерсендин "Кар ханышасы" чыгармасына тартылган иллюстрация*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ПРАКТИКАЛЫК ИШ

### Ганс Кристиан Андерсендин “Кар ханышасы” көркөм чыгармасына иллюстрация тартуу

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч;
- акварель;
- гуаш боёгу;
- атайын кыл калем;
- суу;
- палитра.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1



2



3



4



1. Иллюстрация деген эмне?
2. Кандай көркөм чыгармаларды окугансың?
3. Көркөм чыгармаларга иллюстрация тарткан сүрөтчүлөрдөн кимдерди билесиң?

Ганс Кристиан Андерсендин “Кар ханышасы” чыгармасына иллюстрация тартууну аяктоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 13-ТЕМА. 2-ТЕКШЕРҮҮ ИШ
# СИЛУЕТ ТЕМАСЫНДА СҮРӨТ ТАРТУУ



## ПРАКТИКАЛЫК ИШ

### Силует темасында каалагандай сүрөт тартуу

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч;
- акварель;
- гуаш боёгу;
- атайын кыл калем;
- суу;
- палитра.




Өтүлгөн темаларды кайталоо жана бышыктоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 14-ТЕМА. ӨЗ АЛДЫНЧА ТЕМАДА КОМИКС ТАРТУУ

Комикс (англисче “комикс” күлкүлүү) тартылган сүрөттөрдөгү аңгеме. Комикс адабият жана сүрөт өнөрүнүн түрлөрүнүн өзгөчөлүктөрүн өзүндө камтыйт. Кээде басма чыгармаларда колдонулуучу китеп жана журнал иллюстрациясынын бир түрү болуп саналат.

Биринчи комиксти англис карикатурачысы жана сүрөтчүсү Томас Роулендсон сызган эле. 1812-жылдан 1821-жылга чейин газеталарда анын “Доктор синтаксис” жөнүндөгү аңгемелери басылды. Томас Роулендсонду газета комикстеринин атасы деп аташкан.



**Томас Роулендсон.** *“Доктор синтаксис”*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Комикстин түрлөрү:**

**Стрип комикс –** бир беттен көп болбогон чакан комикс.

**Графикалык роман комикси** – 60 бет жана андан көп көлөмдө бир китепте басылган бүтүн, толук чыгарма.

**Web комикс** – интернетте басылуучу комикс.




**Сарвар Фарманов.** *Стрип комикс*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**Ыкбал Салахиддинов.** *Ийгиликсиз ыр. Графикалык роман комикси*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ПРАКТИКАЛЫК ИШ

### Өз алдынча темада комикс тартуу

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**

- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч;
- акварель боёгу;
- суу;
- палитра;
- кыл калем;
- түстүү калемдер;
- фломастерлер;
- кара сыялуу ручка.







**Умид Сулайманов.** *Комикс*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



1. Комикс качан пайда болгон?
2. Комикстин негиздөөчүсү ким?
3. Комикс жөнүндө кандай пикирдесиң?

Баштаган комиксиңди аякта.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 15–16-ТЕМА. ЧЫГЫШ МИНИАТЮРА ӨНӨРҮ

Миниатюра (французча "miniature" латинче minium — кызыл боёк) — көркөм усулдары абдан назик болгон чакан көлөмдүү сүрөт өнөрү чыгармасы. Орто кылымдын кол жазмаларын кооздоо үчүн жаратылган чакан сүрөттөр, о.э., сөөк, пергамент, таш кагаз, металл, фарфор, кээде тиричилик буюмдары (тамеки идиш, саат, шакек жана башкалар)на тартылган чакан өлчөмдөгү живописке да миниатюра термини колдонулат.

Живописттин бул түрү Чыгышта, алсак Маварауннахрда чоң ийгиликке жетишкен. Азырда ал өз алдынча өнөрдүн түрү катары китептерди гана эмес, о.э., ар түрдүү колдо жасалган буюмдарды кооздоодо кеңири колдонулат. О.э., бул түр өз алдынча өнөр катары жылдан жылга кеңири жайылып барууда. Миниатюра чыгармалары түрдүү мамлекеттерде, алсак, Өзбекстанда да тээ байыркы замандардан бери эски кол жазмаларга тартып келинген. Алсак, Алишер Наваийдин "Хамса" чыгармасына Камалиддин Бекзат тарабынан тартылган миниатюралар буга мисал болот.





**Камалиддин Бекзат.**
*Миниатюра чыгармалары*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Камалиддин Бекзат.** *Шайбанийхандын портрети*

Чыгышта улуу сүрөтчү катары Монийден соң Хожа Абдулхай, Махмуд Сыяхкалем, Гыясиддин Наккаш, Мирак Наккаш, Камалиддин Бекзат, Касым Али, Махмуд Музаххиб, Абдулла Мусаввир, Басаван, Ризайи Аббасий жана башкалардын аты белгилүү. Темурийлер доорунда өзүнчө барактарга миниатюралар тартуу жана алардан муракка (альбом) жаратуу салтка айланган, өзүнчө инсандардын сүрөтүн (портретин) тартуу өнүккөн, алсак, Индияда Бабурийлер доорунда жогорку даражага көтөрүлгөн.

XIV кылымдын аягында Самаркандда Самарканд миниатюра мектеби калыптанган, кийинчерээк ал Герат миниатюра мектебинин калыптануусуна таасир көрсөткөн. Амир Темур курган бактардагы павильондор да дубал сүрөттөр менен кооздолгон. Темурийлердин сарайларында өзүнчө китепканалар түзүлүп, ал жерде чебер каллиграф жана китеп жасоочулар, алсак, сүрөтчүлөр да иштешкен (Мырза Байсунгурдун китепканасында кырктан ашуун каллиграф, жетимиштен ашуун сүрөтчү чыгармачылык менен алектенгени маалым). Хусайн Байкара менен Алишер Наваийдин доорунда да китеп жасоо өнөрү жана миниатюранын өнүгүүсүнө көп көңүл бурулган. Темурийлер, Шайбанийлер, Бабурийлер доорунун миниатюра чыгармалары дүйнөнүн эң абройлуу музей, китепкана жана жеке коллекцияларында сакталат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

XX кылымда Уста Момун, А. Сыддыкий, Г. Никитин, Ч. Ахмаров, Т. Мухамедов сыяктуу сүрөтчүлөрдүн чыгармачылыгында миниатюра салттары байкалган.

Ч. Ахмаров өз чыгармаларында миниатюра өнөрүнүн салттарын улантып, аны жаңы мазмун, идеялар менен байытты. Шакирттери болсо устатынын ишин улантып, миниатюраны жаңы баскычка көтөрүштү. Бул багыт лактуу миниатюра, кагаз, кездеме, тери, булгаарыдагы миниатюра жана дубалга илинүүчү иштерди камтып алып, кең көлөмдүү көркөм стилдик багытка айланды. Азыркы күндө миниатюра үч багытта – кол жазма (китеп) сүрөттөрү (Т. Мухамедов, Ш. Мухамаджанов, М. Салимов ж.б.), лактуу миниатюра (Н. Халматов, А. Жолдошев, Ш. Шоахмедов ж.б.) жана миниатюра стилинде дубалга илинүүчү сүрөттөрдү жаратуу (Т. Балтабаев, Х. Назиров, Г. Камалов ж.б.) багыттары боюнча тез өнүгүүдө.




*Буюмдарга тартылган лактуу миниатюра*



**Чыңгыз Ахмаров.**
*Ферганача бий. Темпера*



**Чыңгыз Ахмаров.**
*Ширин. Темпера*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*Илегенге тартылган жыгач оймочулугу жана лактуу миниатюра*



Таир Балтабаев. *Алпамыш. Темпера*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ПРАКТИКАЛЫК ИШ

### Миниатюра элементтерин тартуу

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч;
- акварель;
- гуаш боёгу;
- суу;
- атайын кыл калем;
- палитра.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


1




2



3



4



1. Миниатюра көркөм өнөрдүн кандай түрү саналат?
2. Миниатюрада чыгармачылык кылган сүрөтчүлөрдөн кимдерди билесиң?
3. Миниатюра жанры жөнүндө пикириң кандай?

Миниатюра элементтерин тартууну аяктоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ПРАКТИКАЛЫК ИШ

## Жөнөкөй миниатюра композициясын тартуу

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч;
- акварель;
- гуаш боёгу;
- суу;
- атайын кыл калем;
- палитра.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


1




2



3



4



Видео булагына шилтеме

Заманбап миниатюра жөнүндө эмнелерди билесиң?

Жөнөкөй миниатюра композициясын тартууну аяктоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# III ЧЕЙРЕК

## 17-ТЕМА. ЦИРК ТЕМАСЫНДА КОМПОЗИЦИЯ ТАРТУУ (ӨЗ АЛДЫНЧА СТИЛДЕ)


Цирк (латинче "Circus" – тегерек, шакек) оюн-зоок, күлкү-тамаша өнөрүнүн бир түрү. Цирк көп учурларда тоголок арена жана бийик күмбөздүү имаратта жайгашат (көчүп жүрүүчү циркter ушундай чатырларды курушат). Циркте көз боёогучтук, акробатика, маскарапоз, колго үйрөтүлгөн жаныбарлар менен оюндар көрсөтүлөт.

Цирк өнөрүнүн түрлөрү акробатика, гимнастика, эквилибристика, клоунада, жонглёрдук, балбандык, иллюзионизм, ат оюндары, дарбаздык, жаныбар үйрөтүү сыяктуу жанрларды өз ичине алат.

Биринчи цирк Англияда 1768-жылы англис чабандозу, цирк ээси, ишкер жана ойлоп табуучу Филип Астлей тарабынан түзүлгөн. Аны "заманбап циркtин атасы" деп аташкан.



*Филип Астлей*



*Филип Астлейдин алгачкы цирк оюндары*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Легендарлуу Ташкенбаевдер династиясынын негиздөөчүсү Ташкенбай Эгамбердиев 1866-жылдын март айында Фергана өрөөнүндө төрөлгөн. Анын атасы – Эгамберди XIX кылымдын 50-жылдарында Саудия Арабстанынын Мекке жана Мадина шаарларына ажы сапарына барып, дал ошол жерде дарбаздык өнөрүн үйрөнөт. Журтуна кайтып келгенден кийин, дар тигип, бул өнөрдү жайылтып, өнүктүрүп, элдин арасында Ажы дарбаз аты менен таанылат.

2017-жылда Ташкенбаевдер династиясынын 150 жылдык юбилейи кеңири белгиленди.



*Ташкенбаевдер династиясы*

Композиция (латинче “compositio” түзүлүү, биригүү, байланышуу) көркөм чыгарманын мазмун жагынан, характер жана максат жагынан байланышкан бөлүктөрүнүн жайгашуусу.

Композицияда предметтер бири-бирине форма жана түс жагынан шайкеш жайгаштырылат, анда шайкештик, ритм уйкаш болот. Ошондо жаратылган чыгарма эң сонун чыгат.




*Ташкент циркинин имараты*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Маскарапоз. Фото



Балбан. Фото

Сүрөт өнөрүндө абдан көптөгөн агымдар, жанрлар, стилдер жана техникалар бар. Мисалы, реализм, абстракционизм, пуантолизм, кубизм жана башка. Сен жаратып жаткан композицияңды каалаган стиль жана техникада тартышың мүмкүн. Негизгиси композицияң ачык, оригиналдуу, жакшы ойлонгон жана өзүндө күчтүү идеяны камтыган болушу керек. Цирк сахнасында же улуттук майрамдарыбыздын фонунда кошумча цирк элементтери жана каармандары менен татаал композиция жаратасың. Цирк каармандарынын аткарган ишине анын бет жана сырткы түспөлү ылайык болушу керек. Мисалы, маскарапозду тартканда аны куунак кылып сүрөттөө керек. Анын маскарапоздугу көзүндө, бетинде, кийим жана кыймылында чагылдырылышы композицияны ого бетер жандуу кылат. Композициянын биринчи планында негизги каармандын сүрөтүнө көңүл бурулат. Негизги каарман майда деталдарына чейин иштелет, 2 жана 3 пландар түс жана форма жагынан жалпы сүрөттөлөт.



Цирк оюну. Фото



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Илен Мейер.** *Цирк. Май боёк*



**Марат Садыков.** *Дарбаз. Акварель*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ПРАКТИКАЛЫК ИШ

## Цирк темасында композиция тартуу

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч;
- акварель жана гуаш боёктору.
- суу;
- палитра;
- атайын кыл калем.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


1




2



3



4



1. Композиция деген эмне?
2. Өзбек цирк өнөрү жөнүндө айт.
3. Цирк темасында композициялык чыгарма жараткан кайсы сүрөтчүлөрдү билесиң?

Цирк темасында кең көлөмдүү композиция тартуу (өз алдынча стилде).



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# 18-ТЕМА. ПОП-АРТ СТИЛИНДЕ ЖАНЫБАРЛАРДЫН СҮРӨТҮН ТАРТУУ

Поп-арт – Батыш Европа жана АКШ сүрөт өнөрүндө 1950-жылдардын аягы жана 1960-жылдарда пайда болгон багыт. Поп-арт стилиндеги сүрөттөр банан, консерва кутусу же жаныбарлардын сүрөтү болобу, дайыма ачык, түркүн-түстүү, көркөм жана куунак болот, ошондуктан бул стиль кең жамаатчылыкка жагат.

## Поп-арт стилинде тартылган сүрөттөрдөн үлгүлөр











*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ПРАКТИКАЛЫК ИШ

### Поп-арт стилинде үй же жапайы жаныбарлардан бирин гуаш же акварель боёгунан пайдаланып тартуу

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч;
- акварель жана гуаш боёктору.
- суу;
- палитра;
- атайын кыл калем.









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


1




2



3



4



1. Поп-арт каерде пайда болгон?
2. Поп-арт стили жөнүндө пикириң кандай?

Үй же жапайы жаныбарлардан биринин сүрөтүн аяктоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 19-ТЕМА. АБСТРАКТТУУ КОМПОЗИЦИЯЛЫК МАКЕТ ЖАСОО

**Абстракция** (латинче “abstractio” – чалгытуу, ажыратуу, чыгарып таштоо). Абстракция – белгисиз, ойдогу идеялар менен байланыштуу болгон түшүнүк.


Макет – каралама долбоор. Архитектурада долбоорлонгон же бар болгон курулма, ансамбль, архитектуралык комплекстин кичирейтилген көлөмдө даярдалган нускасы. Архитектура жана интерьер багыттарында макет өзгөчө мааниге ээ болуп саналат.

Жакшы макеттин долбоорун жаратуу үчүн пайдаланылуучу материалдар жана каражаттардын жогорку сапаттуусун тандоо талап кылынат. Макет жасоодо материалдар негизги жана жардамчы болуп эки топко бөлүнөт.


Негизги материалдарга төмөнкүлөр кирет: кагаз, картон, пенопласт жана пластмасса. Жардамчы материалдарга атайын жасалган дарактар, чырактар, адамдар, орундуктар, автомобилдер, газон жана башкалар кирет.

Биз сабакта катуу калың кагаз же картондон пайдаланабыз.

Абстракттуу макет дегенде адаттан тыш элестетүү жана акылдын жардамында жаратылган макеттер түшүнүлөт. Мисал үчүн абстракттуу макеттерге Заха Хадиддин заманбап имараттарын келтиришибиз мүмкүн.



**Заха Хадид.** *Гранд Рабат театрынын долбоору*




*Абстракттуу имараттын макети*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Жөнөкөй абстракттуу макеттин долбоорлору



**Давлат Жаббаров.** Абстракттуу макет. Картон



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# ПРАКТИКАЛЫК ИШ

## Абстракттуу композициялык макет жасоо

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептери;
- картон
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч;
- сызгыч.
- циркуль;
- атайын бычак;
- желим.



Видео булагына шилтеме







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


1




2



3



4



1. Макет деген эмне?
2. Макеттин масштабы дегенде эмнени түшүнөсүң?
3. Макет жасоо үчүн кандай материалдар керек болот?

Абстракттуу композициялык макет жасоону аяктоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 20-ТЕМА. 3D СТИЛИНДЕ СҮРӨТ ТАРТУУ

Азырда 3D сүрөттөр абдан таанымал болуп кетти: биз муну граффити (үйлөр жана башка имараттардын дубалдарында) жана социалдык тармактардагы конкурстардан алынган сүрөттөр түрүндө жандуу көрүшүбүз мүмкүн.

3D өлчөмдөгү сүрөттөр XVI кылымда пайда болгон. Орто кылымдын сүрөтчүлөрү бор менен дубалдарга, жолдорго сүрөт тартышкан, кийинчерээк көптөгөн шаарлардын жетекчилиги мындай чыгармачылыкты колдоого ала баштаган. Максат – мүмкүн болушунча көбүрөөк туристтерди өзүнө тартуу жана шаардын бюджетин толтуруу болгон. Адамдардын арасында көчө өнөрүнө болгон кызыгуу алигече сакталып калган. Компьютерлердин пайда болушу, 3D өнөрүн дагы да өнүктүрдү.



**Николай Арндт.** *Асфальтка тартылган 3D сүрөт*



**Леона Кира.** *Асфальтка тартылган 3D сүрөт*






**Карлос Альберто.** *Дубалга тартылган 3D сүрөт*





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Көлөмдүн жардамы менен сен ой жүзүндөгү 3D эффектин жаратышың мүмкүн. Сүрөттөлүп жаткан көлөмдөр негизинен көлөкөлөрдүн өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу.













*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# ПРАКТИКАЛЫК ИШ

## 3D стилинде көпөлөктүн сүрөтүн түрдүү калем же ручкалар менен тартуу

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч;
- ручка;
- түстүү калемдер.












1



3



2



4

1. 3D сүрөт качан пайда болгон?
2. Сүрөт өнөрү жана 3D өлчөмдүү сүрөт жөнүндө сенин пикириң кандай?

3D стилиндеги көпөлөктүн сүрөтүн аяктоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# 21-ТЕМА. “ZENTANGLE” ЖАНА “DOODLING” СТИЛИНДЕ СҮРӨТ ТАРТУУ

“Zentangle” бул – бир убакыттын өзүндө бир нече багыттарды бириктирген жаңы өнөрдүн түрү, чыгармачылык, медитация, эргүү жана өз алдынча иш катары, оймонун негизинде оригинал сүрөттөрдү жаратуу усулу.


“Zentangle” стили оймолордун кайталануусунан турат. Көптөгөн оймолорду бир сүрөттө бириктирүү мүмкүн жана техниканын өзү өтө эркин жана интуитивдүү болуп саналат. Сенде сүрөтчүлүккө жөндөм болбосо да, “Zentangle” техникасында оңой эле өзгөчө жана өтө кызыктуу чыгармаларды жаратышың мүмкүн.

“Zentangle” 2006-жылда өнөр түрү катары официалдуу түрдө каттоого алынган. Анын негиздөөчүлөрү Рик Робертс жана Мария Томас.

Классикалык “Zentangle” дайыма жактары 8,9 см болгон квадрат ак кагазга кара сыя менен сызылат. Өзүңө ылайык келүүчү ар кандай кагаз жана ыңгайлуу калемдин жардамында чыгармачылыкты башташың мүмкүн.



*Zentangle жана Doodling стили*



*Zentangle стилинде иштелген оймолор*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Dudling (англисче “doodl” – чийме) бул – заманбап өнөрдүн бир түрү жана сүрөтчүлүк жөндөмүнө ээ болбогон адамдар үчүн да ыңгайлуу болгон сүрөт тартуу стили болуп саналат.

Бүткүл көркөм өнөр чыгармаларын жөнөкөй айланалардан жасоочу бул стилдин күйөрмандары дүйнөдө өтө көп. Бул стилде иштөө аркылуу композиция жарата алуу көндүмдөрү калыптанат.

## Doodling стилинде тартылган сүрөттөр





Видео булагына шилтеме



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ПРАКТИКАЛЫК ИШ

## "Zentangle" стилинде сүрөт тартуу

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч;
- кара сыялуу ручка;
- фломастер.










*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


1



2



3



4



1. “Zentangle” стили качан пайда болгон?
2. “Zentangle” жана “Doodling” стилинин негиздөөчүлөрү ким?
3. “Zentangle” жана “Doodling” стили жөнүндөгү оюң кандай?

“Zentangle” стилиндеги сүрөттү аяктоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 22-ТЕМА. МОЗАИКА СТИЛИНДЕ СҮРӨТ ТАРТУУ

**Мозаика** (французча “masaique” – музаларга арналган) – бирдей же түрдүү чийки заттын (кафель, таш, жыгач, мрамор, металл жана ушулар сыяктуу) бөлүктөрүнөн жасалган сүрөт, оймо. Салабаттуу (монументалдык) жасалга өнөрүнүн негизги түрлөрүнөн саналат. Негизинен имараттар, кол өнөрчүлүк чыгармаларын кооздоодо, станоктуу өнөр чыгармаларын жаратууда колдонулат.



*Өзбекстан мамлекеттик кол өнөрчүлүк өнөрү музейинин дубалына тартылган композиция. Мозаика*



*Надир Деван Беги мавзолейинин аркасына тартылган сыйкырдуу куш композициясы. Мозаика*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





Мозаика стилинде тоту куштун сүрөтүн жасоо үчүн баштап тоту куштун сүрөтүн сызып, түрдүү бурчтуу же туташ сымал ийри сызыктуу фигураларды пайда кылуу аркылуу боёо сунушталат. Бул жараян тоту кушту сүрөттөөдө мозаиканын бөлүктөрүн кооз жайгаштыруу мүмкүнчүлүгүн берет. Мозаиканын бөлүктөрүн даярдоо үчүн тоту куштун сүрөтү түстөрүнүн негизинде керексиз түстүү журнал, каталог жана ошого окшош нерселерден ар түрдүү түстүү кагаздын бөлүктөрүн топтойбуз. Тоту куштун түстүү формаларын кесип алып, сүрөткө желимдин жардамында жабыштырабыз.





**Питер Рауль Рубенс.** *Тоту куш*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ПРАКТИКАЛЫК ИШ

## Тоту куштун сүрөтүн мозаика усулунда сүрөттөө

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч;
- акварель же гуаш боёгу;
- суу;
- атайын кыл калем;
- палитра;
- түстүү кагаздар, газета-журналдар жана каталогдор;
- кайчы;
- желим.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




1. Мозаика деген эмне?
2. Мозаика жанрында чыгармачылык кылган сүрөтчүлөрдөн кимдерди билесиң?
3. Мозаиканын аппликациядан айырмасы эмнеде?

Тоту куштун сүрөтүн мозаика усулунда сүрөттөөнү аяктоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 23-ТЕМА. ТҮРДҮҮ МАТЕРИАЛДАРДАН ФАНТАСТИКАЛЫК ОБРАЗДАРДЫ ЖАСОО

Заманбап айкелчилик бардык заманбап өнөрлөр катары өнүгүп келатат. Айкелчиликте бүгүнкү күндө түрдүү материалдардан пайдаланылууда. Ылай, гипс, пластилин, жыгач, айнек, мрамор, таш, ар түрдүү металлдар жана экинчилик продукциялар ушуларга мисал болот.

Модерн айкелчиликке кубизм, геометриялык абстракция, де стиль, суперматизм, конструктивизм, дадаизм, сюрреализм, футуризм, экспрессионизм, поп-арт, Минимализм, постминимализм, ланд арт, концептуалдык өнөр жана башкалар кирет.

Канаттуу учар аттар жөнүндө көптөгөн уламыштарды билесиң, аларды көркөм чыгармаларда жана кинолордо көргөнсүң. Ал жакшылыктын символу катары адамдарга жардам берет, алсыздарды коргойт, адилеттүүлүк жолунда күрөшөт. Жашоодо бул жаныбар жок экенин жакшы билсең да, анын сүрөтүн түрдүү көрүнүштө сызууга, жасоого аракет кыласың. Баарыңар өз кыялыңардын негизинде анын образын калыптандырасыңар. Кел, бүгүнкү сабагыбызда пластилин же үйүбүздө бар экинчилик продукциялардан канаттуу аттын образын жасап көрөбүз.



Видео булагына шилтеме


*Канаттуу ат. фото*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Түрдүү материалдардан жасалган канаттуу аттын айкелдери











*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ПРАКТИКАЛЫК ИШ

## Экинчилик продукциялардан фантастикалык образдар жасоо

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
• сүрөт дептери;
• катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
• калем курчуткуч;
• өчүргүч;
• түрдүү калыңдыктагы ийилчээк зым;
• гипс же жыгач негиз;
• пластилин;
• айкел жасоо үчүн аспаптар







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1




2



3



4



1. Экинчилик продукция дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Фантастикалык образдар жөнүндө айтып бер.
3. Заманбап айкелчилерден кимдерди билесиң?

Түрдүү материалдардан фантастикалык образдарды жасоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 24-ТЕМА. ТҮРДҮҮ МАТЕРИАЛДАРДАН ЖАНА ТЕХНИКАЛАРДАН ПАЙДАЛАНЫП КИНЕТИКАЛЫК АЙКЕЛ ЖАСОО

Кинетикалык өнөр, Кинетикизм (грекче “kinetikos” – кыймылга келтирүүчү) кыймылдоочу эффекттер менен жасалуучу заманбап өнөрдүн түрү. Техника багытындагы өнүгүү натыйжасында адам көркөм туюнтуунун жаңыча көрүнүшүн ачууга аракет кылат.

Заманбап сүрөтчүлөр жана айкелчилер кыйладан бери жалпы кабыл алынган “сүрөт өнөрү” түшүнүгүнөн чыгып кетишкен. Алар чыныгы ойлоп табуучу катары “кинетикалык өнөр” деп аталган өзүнчө көркөм багытты жаратышты. Кинетизм жөнөкөй идеяга негизделет. Шамал, жарык жана кыймылдын таасиринде көрүүчүнүн көз алдында чыныгы мааниде “жанданууучу” даражасындагы өнөр объектин жаратуу мүмкүн. Бүгүнкү күндө таң калыштуу өзгөчө кинетикалык айкелдер бар.









Видео булагына шилтеме

Голландиялык сүрөтчү Тео Янсен шамалдар менен кыймылга келүүчү чыныгы сейрек өнөр чыгармасын жаратткан. Кумдуу пляждар аркылуу чоң өлчөмдүү кыялдагы жандыктар кеңири айланып жүрүшөт. Бул сыйкырланган көрүүчүлөрдүн толук эргүү жана таң калуусуна себеп болот. Бул каармандар фантастикалык чыгарманын беттеринен чыгып, адамдардын арасында жашап жатканга окшойт.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**Анимари.** *Кинетикалык айкел*



*Тео Янсен*

Тео Янсен голланд сүрөтчүсү жана кинетикалык айкелчи. Жаныбардын скелеттерин эстетүүчү, кумдуу пляждарда шамалдын таасиринде кыймылдоочу атайын кинетикалык айкелдери менен таанымал. Янсен бул айкелдерди "жаныбарлар", "макулуктар", "жасалма жашоонун түрлөрү" деп атайт.



*Страндбеест. Кинетикалык айкел*

Видео булагына шилтеме



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# ПРАКТИКАЛЫК ИШ

## Түрдүү материалдар жана техникалардан пайдаланып кинетикалык айкел жасоо

Жөнөкөй кинетикалык айкелче жасоо үчүн картон кагазды алабыз жана тең экиге бүктөйбүз. Пластик идиштин капкагынан пайдаланып эки айлана сызып алабыз. Айланаларга адамчалардын сүрөтүн сызабыз жана боёйбуз. Кагаздан сүрөттү кыркып алабыз жана бизде эки адамдын формасы пайда болот. Капкактын ичине жарымынан бир аз көбүрөк өлчөмдө тыгыз кылып пластилин жайгаштырабыз. Желим менен адамчанын сүрөтүн капкактын алды жана артына бириктиребиз. Кинетикалык айкелибиз даяр, аны столдун үстүнө коюп кыймылга келтирсек да болот.

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- картон кагаз;
- пластик идиштин капкагы;
- фломастер;
- акварель;
- атайын кыл калем;
- суу;
- палитра;
- желим;
- пластилин.





1. . Кинетика деген эмне?
2. Айкелчиликте кандай кинетикалык айкелдин түрлөрүн билесиң?
3. Кинетикалык айкелчилик жөнүндө пикириң кандай?

Жөнөкөй кинетикалык айкел жасоо.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 25-ТЕМА. 3-ТЕКШЕРҮҮ ИШ
# DOODLINGE СТИЛИНДЕ СҮРӨТ ТАРТУУ

## ПРАКТИКАЛЫК ИШ

**Doodlinge стилинде каалагандай сүрөт тартуу**




**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч;
- кара сыялуу ручка.



Өтүлгөн темаларды кайталоо жана бышыктоо.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 26-ТЕМА. ТҮРДҮҮ МАТЕРИАЛДАРДАН ПАЙДАЛАНЫП СТИЛИЗАЦИЯ СТИЛИНДЕ АЙКЕЛ ЖАСОО

Табиятта бар болгон реалдуу предметтин мазмунун жоготпогон түрдө, андан көркөм фигураларды, символдорду жаратуу стилизация (стиль) деп аталат. Стилизация көркөм өнөрдүн бардык багыттарында бар болуп, ал максат жана милдетине карай абдан кеңири түшүнүк. Сүрөт өнөрү жана айкелчиликте кеңири колдонулат.

Айкелчиликте табиятта бар болгон түрдүү өсүмдүктөр, жаныбарлар, буюмдардын жалпы формасын алып, андан жаңыча мазмун, форма жана көркөм өнөр чыгармасын жаратуу стили калыптанган. Куштун фигурасын элестетүүчү үй-тиричилик идиштерин, машинанын фигурасын элестетүүчү түрдүү буюмдар же жаныбарлардын фигурасын элестетүүчү абстракттуу айкелдер стилизацияга мисал болот.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Стилизациянын өнүгүшү жаңыча дизайндагы ойлоп табуулардын пайда болушуна, өнөр-жайдын дизайнынын өнүгүүсүнө алып келет.

## Игорь Павловдун чыгармаларынан үлгү






*Мышыктын айкели. Керамика*




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*Стилизация долбоорлорунан үлгүлөр*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Жан-Пьер Ожье.** *Эненин айкели. Металл*



**Жак Липшиц.** *Гитарачынын айкели*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ПРАКТИКАЛЫК ИШ

### Стилизация стилинен пайдаланып адамдын айкелин жасоо

**Айкел жасоо үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- гипс же жыгач негиз;
- зым;
- пластилин;
- стек (пластилинде иштетилүүчү аспаптар).







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1



2



3



4



1. Стилизация деген эмне?
2. Стилизация стилинде жасалган кандай тиричилик буюму же техникаларын билесиң?
3. Стилизация стилинде жасалган айкелчилик чыгармалары жөнүндөгү пикириң кандай?

Стилизация усулунан пайдаланып адамдын айкелин жасоону аяктоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# IV ЧЕЙРЕК

## 27-ТЕМА. ИШ-ЧАРА ҮЧҮН ЭМБЛЕМА ЖАРАТУУ

Эмблема жалпыга түшүнүктүү, анык жана так сүрөттөлгөн болушу керек. Эмблемаларда адатта символдуу белгилерден пайдаланылат. Бүгүнкү күндө болсо өзгөчө абстракттуу эмблемалардын дизайндары өнүгүп жатат.

Эмблемалар штамп, логотип, бренд сыяктуу түшүнүктөр менен байланышкан. Техникалык өнүгүү себеп өнөр-жай, билим берүү, медицина, бизнес, ишкердик сыяктуу башка көптөгөн тармактарда да эмблемалар өнүгүп баратат. Түрдүү ишканалар, фирмалар, мекемелер өз максат жана милдеттерине ылайыктуу логотиптерге ээ. Бул логотиптер аркылуу адамдар алар жөнүндө билишет. Бүгүнкү күндө оригиналдуу, кайталангыс эмблемалар, логотиптердин миллиарддаган түрлөрү бар.


Respublika
ta'lim markazi



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





Мектепте түрдүү майрамдар, конкурстарга арналган иш-чаралар уюштурулат. Бул иш-чараларда эмблемалар жаратуу маанилүү болуп саналат. Бул эмблемада топтун аты, анын максаты, идеясы чагылдырылат. Эмблема жаратуудан мурда сен иш-чаранын өзүнө мүнөздүүлүгүн, өзгөчөлүгүн аныктап алышың керек болот. Эмблемада топтун кайсы жактарын көрсөмөкчү экениңди такташтырасың.

Эмблеманы модерн (заманбап), минимализм (аз белгилүү, жөнөкөй), абстракттуу, стилизация жана башка стилде жаратуу мүмкүн. Эмблеманын идеясы даяр болгондон соң, элементтер сызып алынат. Эмблеманын элементтерин композиялуу түрдө жайгаштыруу үчүн түрдүү форма жана түстөрдө эскиздер тартылат. Түстөр өз ара шайкеш, иш-чаранын мазмунуна ылайык жана таандык, ачык, айырмаланып туруучу жана адамдарды өзүнө тартуучу болушу абдан маанилүү. Ата-энең, жакындарың жана устатыңдын жардамында аткарылган эскиздерден ылайыктуусун тандаган оң.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ПРАКТИКАЛЫК ИШ

### Иш-чара үчүн эмблема жаратуу

**Эмблема жаратуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч;
- акварель;
- гуаш боёгу;
- суу;
- атайын кыл калем;
- палитра.












*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



1



2




3




4

1. Эмблема деген эмне?
2. Эмблема жана логотиптин айырмасы эмнеде?

Иш-чара үчүн эмблема жаратуу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 28-ТЕМА. ПЛАКАТ ГРАФИКАСЫ

**Плакат** (немисче “Plakat” – жарыя, афиша) – графиканын түрү, чоң баракка тартылган сүрөт өнөрү чыгармасы. Плакатта кыска текст кошумча кылынат; үгүттөө, реклама, маалымат жана билим берүү максаттарына кызмат кылат.

Плакат графикасы көргөзмөлүү, чакан формада үгүт маалыматтарын өз ичине алган чоң форматтагы басма чыгарма.

Заманбап плакат, адатта, сүрөтчү жараткан чыныгы нускадан басмаканада көбөйтүлөт.

Өзбекстанда плакат XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында пайда болгон, XX кылымдын 20-жылдарынан кеңири таралган. Алгачкы жылдарда колдо тартылган жана көбөйтүлгөн. Басма плакаттар 1923-1924-жылдардан басыла баштаган. Уста Наби Хафизов, М. Курзин, В. Уфимцев, В. Кайдалов ж.б. сүрөтчүлөр бул багытта натыйжалуу иштешкен. 1960-1980-жылдарда А. Балканов, В. Громыко. Ф. Кагаров, В. Евенко, Т. Ткачев ж.б. сүрөтчүлөрдүн тынчтык, адеп-ахлак, экономика, маданий-агартуу темаларындагы чыгармалары жаратылган. Мисалы, Ф. Кагаровдун тынчтык темасындагы плакаттары эл аралык конференциялардын символуна айланган.

**Плакаттын төмөнкүдөй түрлөрү бар:**

- театралдык плакаттар
- рекламалык плакаттар
- компания плакаттары
- кино афишалары
- музыкалык плакаттар
- спорттук плакаттар
- социалдык плакаттар
- окуу плакаттары.






**X. Muratov.** *Tabiatni asrang*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






**Ф. Кагаров.**
*Тынчтык*





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ПРАКТИКАЛЫК ИШ

## "Экологияны асыра" темасында плакат тартуу

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
• сүрөт дептери;
• түрдүү катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
• калем курчтагыч;
• өчүргүч;
• акварель;
• гуаш боёгу;
• суу;
• атайын кыл калем;
• палитра.









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



1. Плакат графикасы деген эмне?
2. Плакат графикасында чыгармачылык кылган кайсы сүрөтчүлөрдү билесиң?

“Баңгиликке каршыбыз” темасында плакат тартуу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 29-ТЕМА. КОСМОС ТЕМАСЫНДАГЫ АБСТРАКТТУУ КОМПОЗИЦИЯНЫ КОМПЬЮТЕР ГРАФИКАСЫНДА ЧИЙҮҮ ЖАНА БОЁО

Бүгүнкү күндө сүрөт өнөрү багытына да заманбап компьютер технологиялары тез кирип келүүдө. Кино, анимация, реклама жана дизайн багыттарында компьютер технологиялары жана программалары сүрөттөрдү тартууда ыңгайлыктарды жаратууда. Мисалы, убакыттын үнөмдөлүшү, татаал жараяндардагы көйгөйлөрдүн оңой чечилиши, көптөгөн тапшырмаларды компьютер программаларынын өзү автоматтык түрдө аткаруусу ушулардын катарынан.

**Графикалык программалар**

Paint Krita Photoshop Corel Draw







**Krita** – акысыз жана ачык булактуу растрлүү графикалык редактор программасы. Швед тилинен алынган болуп “бордо чийүү” деген маанини билдирет. Негизинен сүрөтчүлөр жана фотографтар үчүн иштеп чыгылган. Бул программаны компьютерге орнотуп сүрөт сызууну үйрөнөбүз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





https://krita.org/en/download/krita-desktop/

Krita программасын төмөнкү шилтеме же QR кодду сканерлөө аркылуу жүктөп алышың мүмкүн.




Программа орнотулганда компьютер экранында программанын логотиби пайда болот.

Программаны ишке түшүргөнүбүздө программанын терезеси төмөнкү көрүнүштө болот. Жаңы документ жаратуу үчүн экрандын сол жактагы жогорку бөлүгүндө “New File” (Ctrl+N) топчусу басылат.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

"New File" (Ctrl+N) топчусу басылганда төмөнкү жаңы кичине терезе ачылат. Бул терезеде ачылышы пландалып жаткан жаңы беттин өлчөмдөрү, формасы, түстөрү, сапаты, мурда иштелген долбоорлорду жүктөө, файлдын түрү сыяктуу бир канча функциялар бар.






"Create" топчусун баскандан соң жаңы документтин терезеси пайда болот.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Ак терезе сүрөт чийүүнүн чек арасы эсептелип, анын жогорку, сол жана оң бөлүктөрүндө сүрөт чийүү үчүн зарыл болгон иш куралдары жана түстөр палитрасы бар.




Кыл калем тандоо бөлүмүндө өчүргүч, калем, кыл калем, боёктун түрлөрү жана фактуралары, тоо, шибер, дарактын формалары, бүркүп себүү фактурасы жана ушул сыяктуу көптөгөн чийүүнү жеңилдетүүчү даяр контенттер бар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ПРАКТИКАЛЫК ИШ

## Космос темасындагы абстракттуу композицияны компьютер графикасында чийүү жана боёо



**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- компьютер же планшет;
- Krita программасы.

Космос темасындагы компьютер графикасында сүрөт тартуу үчүн биринчи кезекте композицияны сызып, боёп алабыз. Даяр композиция эскизинен пайдаланып Krita графикалык программасында сызабыз.

Төмөнкү QR код аркылуу “Космос” темасында Krita программасында сызылган видеого өт.





Видео булагына шилтеме



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




1. Космос жөнүндө эмнелерди билесиң?
2. Кандай графикалык программаларды билесиң?
3. Krita программасы жана анын мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө оюң кандай?

Космос темасындагы абстракттуу композицияны өз алдынча стилде иштөө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 30-ТЕМА. КЫЯЛДАГЫ МОДЕРН АВТОМОБИЛИНИН СҮРӨТҮН ТАРТУУ

Келечек жана аны элестете алуу өтө маанилүү. Көптөгөн ойлоп табуулар кыял ааламы, фантазия жана илимий божомолдор аркылуу пайда болгон. Абада учуучу машиналар, заманбап шаардын ландшафттары, адаттан тыш жарыктандырылган имараттар, булардын баары бир караганда куру кыялга окшочу. Адамдардын бул элестетүүлөрү бүгүнкү күндө иш жүзүндө жаратылып, күндөлүк турмушта колдонулуп келе жатат.



Келечек автомобилдери дүйнөсү көз алдыбызда элестетип болбой турган ылдамдыкта өзгөрүүдө. Жакында эле адамдар ат арабаларда жүрүшчү. Ал эми азыркы жагдайга карап келечекте бизди эмнелер күтүп жатканын элестетүү кыйын эмес.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Аалымдар жакынкы келечекте био же күн энергиясы сыяктуу альтернативдүү күйүүчү отунга өтүүнү божомолдоп жатышат. Ошол себептүү автомобилдердин сырткы көрүнүшү да өзгөрөт. Заманбап автомобилдерди жаратууда бардык жагдайларга көңүл буруу маанилүү. Мисалы, оболу адамдын өмүрү үчүн ар тараптуу коопсуз, экологияга терс таасир этпөөчү, тескерисинче пайдалуу, жол тыгындары сыяктуу бир топ көйгөйлөргө чечим болуучу автомобилдер ойлоп табылышы керек.






*Келечек автомобилинин долбоору*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*Келечек автомобили*

Бензиндүү кыймылдаткыч менен жабдылган жөнөкөй автомобиль жана самолёттун гибриди 2500 метр бийиктикке чейин көтөрүлүү жана 1000 км аралыкты басып өтүүгө жөндөмдүү келечек автомобили болот. Klein Vision компаниясы тарабынан иштеп чыгылган. Автомобиль 2 минут 15 секундда самолётко айланат. Абада саатына 170 км ылдамдыкта учат. Кабина эки адамга ылайыкташкан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE







Видео
булагына
шилтеме

*Автомобиль менен самолёттун гибриди*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ПРАКТИКАЛЫК ИШ

## Кыялдагы модерн автомобилинин сүрөтүн тартуу

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч;
- акварель;
- гуаш боёгу;
- суу;
- атайын кыл калем;
- палитра.










*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


1




2



3



4



1. Модерн сөзүнүн мааниси кандай?
2. Кайсы түрдөгү автомобиль моделдерин билесиң?
3. Келечек автомобилдерин кандай элестетесиң?

Кыялдагы модерн автомобилинин сүрөтүн тартууну аяктоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 31–32-ТЕМА. ПЛЕНЭР (АЧЫК АБАДА ИШТӨӨ)

Пленэр (французча “en plein air” – ачык абада) күн нуру жана айланадагы атмосферанын таасиринде түстүн өзгөрүүсүнүн сүрөттөгү сүрөттөлүшүн туюнтуучу термин. Пленэр устаканада эмес, табият койнунда сүрөт тартуу дегени. Бул жараян табиятты табигый түстөрдө түшүнүү үчүн негиз болуп кызмат кылат.

Жаратылыштын кооздугу, анын кайталангыстыгы өзгөчө. Күн нуру жана бизди курчап турган чөйрө түстөрдүн айкалышынын түгөнгүс булагы болуп саналат. Табият, айлана-чөйрөнүн, адамга, анын сезимине жана аң-сезимине болгон терең таасири, сүрөт өнөрүндө пейзаж жанрынын пайда болушуна түрткү болгон.

Сүрөт өнөрүнүн пейзаж жанрында тартылган чыгармалар менен таанышуу адамдын руханий дүйнөсүн чыңдайт, ички сезимдерин байытат. Табияттын сулуулугун болушунча сүрөттөө ага карата сүрөтчүнүн мамилесин белгилейт. Ошондуктан да пейзаж жанры адамдын сезим-туюмдарын өзгөчө назик кылып тарбиялоонун маанилүү фактору болуп эсептелет.

Пленэрдин пайда болушу XIX кылымдын башында Англияда Жон Констебл жана Ричард Паркс Бонингтондун аттары менен байланыштуу. Пленэризм стили француз импрессионисттеринин арасында өтө таанымал болгон. Жан-Батист Камиль Коро, Жан-Франсуа Милле, Камиль Писсарро, Пьер Огюст Ренуар жана Клод Моне сыяктуу сүрөтчүлөр пленэрдин өнүгүшүнө салым кошушкан. Россияда XIX кылымдын экинчи жарымы жана XX кылымдын башында пленэр багытында Василий Поленов, Исаак Левитан, Валентин Серов, Константин Коровин, Игорь Грабарь ийгиликтүү чыгармачылык кылышкан.

Өзбекстанда О. Тансыкбаев, П. Беньков, Р. Ахмедов, Н. Козубаев, З. Инагамов, М. Саидов жана башкалар пейзаж жанрында чыгармачылык кылышкан.

Табигый жарыкта сүрөт чийүү узак убакыттан бери маалым болуп, негизинен эскиз үчүн иштетилген. Бирок, Барбизон мектебинин сүрөтчүлөрү жана импрессионисттердин арасында бул сүрөт техникасы жаңыдан жаралган.



*Роберт Антуан Пинчон пленэрде. 1898-жыл.*



*Австралиялык импрессионист Артур Стреетон пленэрде. 1892-жыл.*




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Видео булагына шилтеме







*Пленэр жараяны жана тартылган сүрөттөр*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ПРАКТИКАЛЫК ИШ

## Пленэрде табиятты өзүнө карап сүрөт тартуу

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**

- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч;
- акварель;
- гуаш боёгу;
- суу;
- атайын кыл калем;
- палитра.







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Видео булагына шилтеме


1



2



3



4



1. Пленэр сөзүнүн мааниси кандай?
2. Пленэрде чыгармачылык кылган сүрөтчүлөрдөн кимдерди билесиң?
3. Пленэрде сүрөт тартууда эмнелерге көңүл буруу зарыл?

Пленэрде имараттын көрүнүшүнүн сүрөтүн акварелде иштөө.
Окуу жылы бою аткарылган бардык тапшырмалар жана өз алдынча чыгармачыл иштерди көргөзмөгө даярдоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 33-ТЕМА. ТЕКШЕРҮҮ ИШИ. “МЕНИН ОЙЛОП ТАБУУМ” ТЕМАСЫНДА ЭЛЕСТЕТҮҮНҮН НЕГИЗИНДЕ СҮРӨТ ТАРТУУ



“Менин ойлоп табуум” темасында элестетүүнүн негизинде сүрөт тартуу үчүн баштап ойлоп табуундун темасын талда жана аны ата. Төмөнкү суроолор “Менин ойлоп табуум” аттуу сүрөтүңдү тартууга жардам берет.

1. Бул ойлоп табуу кандай пайда келтирет жана эмне үчүн керек?
2. Ойлоп табууну жаратууда кандай материалдардан пайдаланылат?

## ПРАКТИКАЛЫК ИШ

**“Менин ойлоп табуум” темасында элестетүүнүн негизинде сүрөт тартуу**

**Сүрөттү тартуу үчүн зарыл болгон окуу куралдары:**
- сүрөт дептери;
- катуу жана жумшак графит калемдер тобу;
- калем курчуткуч;
- өчүргүч;
- акварель;
- гуаш боёгу;
- суу;
- атайын кыл калем;
- палитра.



Өтүлгөн темаларды кайталоо жана бышыктоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 34-ТЕМА. ЧЫГАРМАЧЫЛ КӨРГӨЗМӨ

Көргөзмө эң кызыктуу байланышуу каражаттарынан саналып, чыгармачыл ишмердүүлүктү өнүктүрүү үчүн колдоп-кубаттоо усулдарынан бири болуп эсептелет.

Көргөзмө бүткүл жамаанын (топтун көргөзмөлөрү) же индивидуалдуу (жеке) ийгиликтерди көрсөтүшү мүмкүн.

Көргөзмөнүн түрлөрү тематикалуу, жыйынтыктоочу, ярмаркалар, кароо-сынактар, презентациялар көрүнүшүндө болот.

Көргөзмөнү уюштуруу өтө көп эмгек талап кылуучу иш. Сен көргөзмөнүн катышуучусу жана уюштуруучусу катары катышасың. Чыгармачыл эмгек жараянында чечкиндүүлүк, демилгелүүлүк, өз алдынчалык, ишти аткаруунун эң туура стиль жана усулдарын тандай алуу сыяктуу баалуу сапаттар калыптанат, бул болсо өз күчүн сынап көрүү жана ийгиликке жетишүү мүмкүнчүлүгүн берет.

## ПРАКТИКАЛЫК ИШ

### Чыгармачыл көргөзмө



Окуу жылы бою аткарган чыгармачыл иштериңдин отчёту катары көргөзмө уюштур.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





1. Көргөзмө деген эмне?
2. Көргөзмөнүн кандай түрлөрүн билесиң?
3. Уюштурулган көргөзмө жөнүндөгү пикириң.

Өтүлгөн темаларды кайталоо жана бышыктоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*O‘quv nashri*

# Tasviriy san’at

*Umumiy o‘rta ta’lim maktablarining*
*6-sinfi uchun darslik*
*(Qirg‘iz tilida)*

Которгон Айнура Зулпихорова
Техникалык редактору Акмал Сулайманов
Сүрөтчү Умид Сулайманов
Көркөм редактору Сарвар Фарманов
Редактору Кайратбек Токтобаев
Корректору Анвар Зулпихаров
Компьютерде беттеген-дизайнер Алимардан Акилов

*Ташкент областынын Чырчык мамлекеттик педагогикалык институтунун студенттеринин чыгармачылык иштеринен пайдаланылды.*

Басууга 02.07.2022-жылда уруксат этилди. Форматы 60x84 1/8.
Times New Roman гарнитурасы. Кегли 12. Офсеттик басма.
Шарттуу басма табагы 14,88. Эсептик табагы 12,16.
Тиражы ____ нуска. Буюртма № ___.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ижарага бериле турган окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты, жөнү | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |

## Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан баалоонун төмөнкү критерийлеринин негизинде толтурулат:

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебин алгачкы жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, китептин негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, көчпөгөн, беттеринде жазуу жана сызыктар жок. |
| Канааттандырарлык | Мукабасы эзилген, бир аз чийилип, четтери тытылган, китептин негизги бөлүгүнөн ажыраган түрү бар, бирок канааттандырарлык. Көчкөн барактары кайра ордуна желимделген, айрым беттерине чийилген. |
| Канааттандырарлык эмес | Мукабасы жыртылган, үстүнө чийилген, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандырарлык эмес калыбына келтирилген. Беттери жыртылган, барактары жетишпейт, чийип, боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE